УДК: 378
DOI 10.33514/1694-7851-2023-1-382-386

**Жыргалбекова Г.К.**
тарых илим. канд, доц.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети

# СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАЗМУНУН ОКУП ҮЙРӨНҮҮНҮН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

**Аннотация:** Макалада жогорку кесиптик билим берүүдө социалдык-экономикалык билим берүүнүн мазмуну боюнча маселелер каралат. Социалдык-экономикалык билим берүү жараянынын мазмунундагы билимдерди интерпретациялоого цивилизациялуу, илимий-тарыхый принципиалдуу, компетенттүү мамиле кылуу боюнча көз караштар талданат. Окутуу жараянынын сапатын жогорулатууда МТ технологиялардын жардамы менен кыргыз тилинде ОМК иштеп чыгуу сунуштары берилет.

**Негизги сөздөр**: Социалдык-экономикалык билим берүү, цивилизациялуу, илимий-тарыхый, компетенттүү, мультимедиялык-технологиялар.

**Жыргалбекова Г.К.**
канд. ист. наук, доц.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева

# К ВОПРОСУ ИЗУЧЕНИЯ СОДЕРЖАНИЯ СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ

**Аннотация:** В статье анализируются актуальные вопросы подготовки учителей социально-экономического образования в системе высшего профессионального образования. Анализируется принципиальность научно-исторического, цивилизационного и компетентностного подхода по интерпретации содержания обществоведческого знания. В статье подчеркивается мысль о том, что в разработке учебно-методического комплекса (УМК) необходимо использовать мультимедийные технологии на кыргызском языке (МТ).

**Ключевые слова**: социально-экономическое образования, цивилизованый, научно-исторический, компетентный, мультимедийные технологии.

**Zhyrgalbekova G.K.**
Candidate of Sciences in History, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev

# TO THE CASE OF STUDYING THE CONTENT OF SOCIO-ECONOMIC EDUCATION

**Annotation:** The article notes topical issues of training the teachers of socio-economic education in the system of higher professional education. The principles of the scientific-historical, civilizational, and competency-based approach to interpreting the content of social science knowledge are analyzed. The article emphasizes the idea that in developing an educational and methodological complex (EMC), it is essential to use multimedia technologies in the Kyrgyz language (MT).

**Keywords:** socio-economic education, civilized, scientific and historical, competent, multimedia technologies.

Коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык системанын жаңылануусу менен жогорку кесиптик билим берүү тармагында анын ичинде тарыхый билимдер тарамында педагогикалык адистерди даярдоонун парадигмасында байма-бай өзгөрүүлөр болуп тургандыгы абзел. Өлкөдө дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кирүүгө багытталган билим берүүнүн жаңы системасы калыптанып келеткандыгын белгилөөгө болот. Бул процесстер педагогиканын теориясындагы жана практикасындагы олуттуу өзгөрүүлөр менен коштолуп, билим берүүнүн парадигмасы алмашылып, мазмунуна жаңылануулар киргизилип, окутуу жараянына болгон мамиледе компетенттүүлүк педагогикалык менталитет ишке ашырылууда.

Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүүнүн үчүнчү муундагы Мамлекеттик билим берүү стандарттары иштеп жатат. Ошол эле мезгилде жалпы орто билим берүүнүн стандарттары да кайрадан иштелип чыккан. Жогоруда аталган орчундуу эки документте тең бир эле учурда даярдалып жаткан педагогикалык адистерге жана жалпы билим берүүчү мектептин окуучуларына компетенттүүлүккө багытталган билим берүүдө, окутуу жана үйрөтүү маселелерине болгон мамилени өзгөртүү талабы коюлуп, анын шарттары белгиленген.

Предметтик билим берүүнүн мектеп стандартында мектепте окутула турган социалдык-экономикалык багыттагы предметтер аныкталган. Алып айтсак, (тарых,“Адам жана коом”, “диндердин өнүгүү тарыхы”) менен аныкталды. Анткени, бул багыттагы мугалимдерди даярдоодо аталган мазмунду окуп-үйрөнүү аркылуу жалпы орто билим берүүнүн бүтүрүүчүсүндө “социалдык” компетенттүлүктөр калыптанат. “Социалдык билим берүү тарамына кирген предметтерди окуп үйрөнүү аркылуу келечектеги социалдык-экономикалык билим берүү мугалими, азыркы коомго мүнөздүү болгон маселелерге карата жигердүү социалдык, граждандык позицияны калыптандырат”. Бул ойду талдап көрөлүчү. Тарыхый жана социалдык-экономикалык билим берүү багытындагы программалык мазмундагы билимдер социалдык-экономикалык илимдерде комплекстүү изилденип, такталган маалыматтар же болбосо тарых, изилденүүчү илим жана окуп үйрөнүлүүчү предмет катары бири-биринен ажырагыс байланышта экендиги анык.

Тарых илиминин таанып билүү объектиси –чыныгы турмуштагы сапаттуу аныкталган өзүнүн жаратылышы, өнүгүүдө аткарган кызматы боюнча башка объектилерден негизги белгилери боюнча айырмаланган көрүнүштөрдүн жана процесстердин жыйындысы. Тарых илими башка коомдук-гуманитардык илимдерге караганда комплекстүүлүгү, алакалуулугу (комплексная, интегральная) менен өзгөчөлөнүп турат жана анын таанып билүү объектиси өткөн мезгилдеги коомдук өнүгүү болуп саналат.

Натыйжада, бардык тарыхый изилдөөлөрдө тарыхчы бир нече ролду аткара алат. Эгерде тарыхчы социалдык-экономикалык процесстерди изилдесе, анда ал тарыхчы жана социолог, экономист, тарыхчы кайсы бир тарыхый мезгилди бүтүндөй изилдей турган болсо, анда ал тарыхчы – укук таануучу, тарыхчы саясат жана искусство таануучу болушу мүмкүн. Тарыхчы адистик деңгээлде тарых илиминин эле эмес аталган илимдердин таанып билүү теориясына, методологиясына ээ болот. Демек, коомдук–гуманитардык илимдердин тарамдарынын ортосундагы тыгыз илимий байланыштар бар экендиги далилденген концепция. Жалпы билим берүүнүн стандартына ылайык, мектептерде тарыхты окутуунун 1-концентриндеги өзгөрүүлөр боюнча 5-класстарындагы Кыргызстан тарыхынын кыскача аңгемелерге бөлүнгөн 68 сааттын, 2012–2013-окуу жылынан бери карай 34 саатка кыскартылышы республиканын мектеп мугалимдеринин дээрлик басымдуулугунда сааттардын кыскарышы багытындагы күтүлбөгөн кырдаалды пайда кылган. Стандарт боюнча бул сааттардын ордун социалдык-экономикалык билим берүү багытындагы билимдердин мазмуну толуктаган б.а. тарых предметине байланыштуу кошумча билимдер берилет. Бул билимдер окуучуларды материалдык жана руханий маданиятка байланыштуу

түшүнүктөргө ээ кылып келет. Алып айтсак, Бишкек шаарындагы №64 гимназиянын тарых мугалими Кайырбекова Райгүл Кайырбековна 5-класстын Кыргызстан тарыхына кыргыздын материалдык маданияты анын ичинде боз үй тууралуу баалуу материалдарды берет. Темаларды теориялык деңгээлде өздөштүргөндөн кийин музейлерге барып практикалык маалыматка ээ болушат.

Кылымдар тогошуп, доор жаңыланган сайын тарыхый билимдердин негизин түзгөн категория-фактылар (окуялар, көрүнүштөр, процесстер) тарых илиминин фундаменталдуу бөлүгүн түзүп, изилдөө үчүн объект болуп кала берет. Ал эми билимдердин мазмунуна: окуп үйрөнүү объектиси катары илимий таанып билүүдө изилденип такталган, тандалган материалдар, коомдогу баалуулуктардын алкагындагы маселелер камтылышы шарт. Анткени, билим берүүнүн мазмуну бул окуу–тарбия процессинин бирден–бир компоненти болуп эсептелет. Билим берүүнүн мазмунундагы материалдарда камтылган инсандын билим, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн системасы адамзаттын коомдо топтолгон социалдык тажрыйбалары менен байланыштуу. Билимдүү адам – белгилүү социумдун койгон талаптарына ылайык өзүнүн билимин андан ары өнүктүрүүгө, өзүн өзү тарбиялоого жөндөмдүү, ийкемдүү, компетенттүү адам. Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн стандартында бул ойлор мындайча ырасталып турат: “негизги мектепте билим берүүнүн мазмуну окуучуларга жарандык тарыхты үйрөтүүгө, тарыхый, социологиялык, маданий, этикалык, саясий, укуктук жана экономикалык түшүнүктөрдүн негизин калыптоого багытталат” [2, 54-б.].

Жогоруда айтылып жаткан коомдук өнүгүү процессине дал келген, шайкеш, компетенттүү социалдык–экономикалык билим берүү багытындагы мугалимдерди даярдоо аркылуу, жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларына дагы натыйжага багытталган окутуу процессин ишке ашыруу татаал процесс.

Алгачкы баскыч жалпы билим берүү тармагындагы бир нече предметтердин ичинен тарыхый билимдерди тандап алып, тарых мугалими болом деген багытка чыгуу аркылуу, социалдык-экономикалык билим берүү бакалаврына (тарых мугалими) тапшырып төрт жылдык жогорку кесиптик билим берүүгө ээ болууга умтулгандар арбын. Болон процесси боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн экинчи баскычы магистратура деңгээли.

Социалдык-экономикалык билим берүү магистранты жогорку деңгээлдеги теориялык жана методологиялык билимдерге ээ болгон педагогикалык адис. Ошондуктан мектептен баштап, жогорку кесиптик билим берүүнүн баскычтарына чейин үзгүлтүксүз билим тажрыйбаларга ээ болууга даярдоо белгилүү убакыттарга натыйжасын бериши абзел. Эгерде жогорку кесиптик педагогикалык билим берүүнүн бакалавр деңгээлинде окутуунун методикалык мүмкүнчүлүктөрү колдонула турган болсо, магистратурада даярдоодо теориялык жактан белгилүү деңгээли бар методологиялык билимдерди пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушат. Тактап айтканда, магистрант социалдык-экономикалык (тарыхый) билимдердин функциясын түшүнөт. Тарыхый процесстердин теориясын жана факторлорун, обьективдүүлүгүн, принциптерин, мыйзамдарын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн окуп үйрөнөт. Негизги методологиялык проблемалар жана принциптерди: социалдык жана тарыхый таанып билүүнүн методологиясынын негизин аныкташат. Ошондой эле тарыхый изилдөөнүн методдорун билишет [1, 504].

Социалдык-экономикалык билим берүүдө окутуу процессине болгон мамилени өзгөртүүдө, окуучулар менен мугалимдин биргелешкен ишмердүүлүгүндө жетишилген натыйжаларга жогору маани беребиз.

Ошондуктан, социалдык-экономикалык билим берүү багытындагы педагогикалык адистерди даярдоону изилдөөнүн теориясы жана практикасы жаатындагы дагы бир орчундуу маселе-бул окутуунун жаңы технологиялары. Окутуу методикасындагы “кантип

окутуу?” маселеси бүгүнкү күндө окутуунун усулдарынын репродуктивдик мүнөздөн продуктивдик мүнөзгө өтүү шартында окутуу технологиялары термини менен алмашып отурат десек жаңылышпайбыз. Окутуунун жаңы технологиялары окуучулардын жөндөмүн өркүндөтүүчү ишмердүүлүккө тартуунун ыкмасы катары эсептелет. Мугалим менен окуучунун конструктивдүү өз ара мамилеси, максатты так аныктоо аркылуу окутуунун натыйжалуу методдору менен ыкмаларын колдонуу аталган технологиялардын негизи болуп саналат”. Социалдык-инсандык багыттагы компетентүүлүктөргө ээ болгон окуучуну тарбиялай турган педагогикалык адистерди даярдоо учуру жаңы технологиялардын өнүккөн дооруна шайкеш келип тургандыгын айта кетишибиз абзел. Окуучу окутуунун мазмунун натыйжалуу өздөштүрүүгө коюлган максаттардан сырткары, кошумча материалдарды өздөштүрүүдө бүтүндөй “өзүнө керектүү жана керексиз” багыттагы маалыматтарды алуу булактарын көзөмөлгө алуу маселеси жаралып жатпайбы. Мындай шартта тарыхый предметтерди окутуу процессинде баяндоо, сүрөттөө, мүнөздөө, аңгемелешүү усулдарын мугалимдин салттуу гана ишмердүүлүгүнө негизделген жол менен берүүдө, окуучу үчүн бул билимдер мугалимдин ою катары гана бир тараптуу кабыл алынышы мүмкүн. Ошондуктан, алдыңкы маалымат берүүчү окутуу технологияларын колдонуу белгилүү даражада окутуунун натыйжасын жогорулатат.

Э.Ж. Маанаев атындагы тарых жана социалдык – экономикалык билим берүү факультетинин “Жалпы тарых жана социалдык-укуктук дисциплиналар” кафедрасынын социалдык-экономикалык билим берүү бакалавры студенттерине “Тарыхты окутуудагы окуу-усулдук маселелери” деп аталган тандоо курсунун алкагында мультимедиалык окуу–куралдарын иштеп чыгуу боюнча бир катар иштер аткарылды. Айтсак, студент–практиканттар үчүн Кыргызстан тарыхы предмети боюнча жалпы билим берүүчү мектептин 10–11-класстарынын программалык материалдарына ылайыкталган 3 бөлүктөн турган мультимедиалык окуу-усулдук колдонмо иштелип чыккан. Кафедранын доцентинин милдетин аткаруучу К.А.Курманалиевдин автордук көз карашына негизделген окуу–усулдук колдонмодо окуучу менен мугалимдин ишмердүүлүгү интерактивдүү шартта компьютердик технология менен айкалышып, жаңы маалымат технологиясынын принциптерине негизделген жана берилген маалыматтар ийкемдүү түрдө сабактарга коюлган максаттарга, милдеттерге шайкеш келип турат [3, 176]. Программанын негизинде өтүлө турган темаларды фото-видео материалдар менен толуктап турган атайын иштелип чыккан слайддар СД диске жазылып, окуу-усулдук колдонмого тиркеме катары берилген.

Сабактардын иштелмелери 20 минутага пландаштырылып, окутуунун интерактивдүү методдорунун негизинде слайддар менен коштолот. Анда темага ылайык анимациялар, видео үзүндүлөр, тарыхый документтүү материалдар, инсандардын кыскача өмүр баяндары үн менен коштолгон. Ошондой эле ар бир темада окуучулардын билимин, билгичтигин, көндүмдөрүн текшерүүчү фактологиялык жана концептуалдык суроолорду камтыган тесттик тапшырмалар берилген. Ал эми мындай мүмкүнчүлүктөр бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагына сүңгүп кире баштаган компьютердик–мультимедиялык продукциялардын жардамы менен жетишилип жатат.

Азыркы мезгилдеги заманбап технологиялары өнүккөн шартта мультимедиалык окуу-усулдук колдонмолор окутуу процессин натыйжалуу өздөштүрүүгө жардам берет. Окутуу жана үйрөтүү чөйрөсүндөгү ишмердүүлүктө анын катышуучуларынын маалыматттык талабын толук кандуу камсыз кылуу мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Таанып билүүдөгү адистик билим, билгичтик жана көндүмдүк ишмердүүлүгүнүн сапаты жогорулайт. Тарыхый материалды таанып билүүнүн жигердүүлүгү жогорулайт, студенттердин чыгармачыл жөндөмдөрү артуу менен тематикалык долбоорлор менен иштөө боюнча ой жүгүртүүлөрү жана практикалык жөндөмдөрү калыптанат. Мультимедиалык материалдарды факультеттин

студенттери педагогикалык практика учурунда кеңири колдоно алышат. Албетте, социалдык-экономикалык билимдердин мазмунун камтыган маалыматтарды азыркы заманбап технологияларына ылайык мындай усулдарды колдонуу сапаттуу натыйжаларды берет. Анткени, азыркы мезгилдеги окутуу процессинде адаптацияланган кыргыз тилиндеги мультимедиялык технологиялардын жардамы менен түзүлгөн (МТ) окуу-методикалык колдономолорду иштеп чыгуу окуу-методикалык комплекстеринин (ОМК) курамы болушу абзел. Ошондой болсо дагы биз студент–практиканттардын социалдык-экономикалык билимдердин мазмунун өздөштүрүүдөгү оозеки жандуу сөздү колдоно билүү чеберчилигин өстүрүү ыкмаларынын мүмкүнчүлүгүн четке какпастан, катар алып жүрүү керектигин белгилейбиз.

Оюбузду жыйынтыктап айтканда:

1. Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагы интегративдүүлүк шартын башынан өткөрүп жаткан мезгилде, массалык мектептерде (жалпы билим берүүчү) билим берүүдө тарыхый фактылардын тигил же бул саясий кызыкчылыктардан көз каранды эмес интерпретацияланышын камсыз кылууда тарыхый тажрыйбаларга таянуунун мүмкүнчүлүгү.

2. Жогорку окуу жайларында даярдалып жаткан келечектеги социалдык-экономикалык билим берүү бакалавры мугалимдерине Дүйнөлүк жана Кыргызстан тарыхы предметтери боюнча, булакнаамалык негизде такталган билимдердин программалык мазмунун адистик деңгээлде компетенттүү берүү маселелеринин баалуулугу.

3. Дүйнөлүк тарых менен Кыргызстан тарыхын туташ-мезгилдеш окуп үйрөнүү аркылуу, адамзаттын басып өткөн жолундагы мыйзам ченемдүүлүктөрдү, себеп–натыйжаларды, коомдун өнүгүү тенденцияларын билүү жана өнүгүүнүн тарыхый туура жолун тандап алуучу баалуулуктарга жетишүү максаттарын ишке ашыруу аркылуу тарыхый билимди мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн туура багытта интерпретациялоо.

4. Тарыхый билимдерди коомдук билимдер менен интегративдүү айкалыштыра берүүнүн өзгөчөлүктөрүн калыптандырууда, окутуунун сапатын жогорулатууда жана натыйжалуу ишмердүүлүктөргө ээ болууда, алдыңкы заманбап технологияларды туура колдоно билүү.

5. Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасынын коомдук турмушунун бардык тармактарында, анын ичинде билим берүү тармагынын креативдүүлүк процесстерин башынан өткөрүп жаткан шартында тарыхый билимдерди ар бир окуучуга жеткире ала турган жогорку квалификациялуу практикалык жактан такшалган мугалимдерди даярдоо татаал процесс.

6. Тарых курстарынын мазмунуна коомдук билимдердин мазмундарын интегративдүү айкалыштырып окутуу компетенттүүлүгүнө ээ болгон жогорку квалификациялуу, креативдүү мугалимдерди даярдоо азыркы учурдун талабы.

7. Азыркы мезгилдин талабы боюнча келечектеги тарых мугалиминин моделин иштеп чыгууда анын адистик эле эмес, инсандык – адамдык сапаттарына дагы жогору маани берүү абзел.

**Колдонулган адабияттар:**

1. В.В.Алексеев. Теория и методология истории. – Волгоград: Учитель, 2014. – 504 с.

2. Ковальченко И.Д. Методы исторического исследования. – М.: Наука, 2003. – 486 с.

3. К.А.Курманалиев «Тарых» адистигине даярдалып жаткан студент–практиканттар үчүн окуу-методикалык колдонмо. – Б., 2012. – 176 б.

**Рецензент: пед. илим. канд., проф. Иманкулов М.К.**